КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ
СУЗАК РАЙОНУ
БАГЫШ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
БАГЫШ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ
СУЗАКСКИЙ РАЙОН
БАГЫШСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
БАГЫШСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**БАГЫШ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН БАГЫШ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИНИН VIII ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН КЕЗЕКСИЗ XI СЕССИЯСЫНЫН**

**ТОКТОМ №12**

**10-октябрь 2025-жыл** **Октябрь айылы**

## Багыш айыл аймагында жергиликтүү коомдоштуктардын өкүлдөрүнүн жыйынын өткөрүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2025-жылдын 29-сентябрындагы №270 сандуу Жарлыгын, Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” мыйзамын, Сузак райондук мамлекеттик администрациясынын 2025-жылдын 30-сентябрындагы №03-2/6420 сандуу катын негиздеп, Багыш айылдык кеңешинин Социалдык, коомдук жана эл аралык менен байланыш боюнча туруктуу комиссиясынын сунушун угуп, талкуулап Багыш айылдык кеңешинин VIII-чакырылышынын кезексиз XI сессиясы **токтом кылат:**

1. Багыш айыл аймагында жергиликтүү коомдоштуктардын өкүлдөрүнүн жыйыны 2025-жылдын 1-ноябрь күнү саат 10:00до, Октябрь айылындагы №9 И.В.Мичурин атындагы мектебинин имаратында өткөрүлсүн.

2. Багыш айыл аймагы боюнча жергиликтүү коомдоштуктардын өкүлдөрүнүн жалпы саны 150 (Жүз элүү) адам деп бекитилсин жана айыл аймактын бөлүктөрүндө төмөндөгүдөй иретте көрсөтүлсүн:

- Беш-Бала айылы боюнча өкүлдөрүнүн саны 14 адам;
- Багыш айылы боюнча өкүлдөрүнүн саны 14 адам;
- Кызыл-Туу айылы боюнча өкүлдөрүнүн саны 6 адам;
- Сары-Булак айылы боюнча өкүлдөрүнүн саны 7 адам;
- Октябрь-1 айылы боюнча өкүлдөрүнүн саны 18 адам;
- Октябрь-2 айылы боюнча өкүлдөрүнүн саны 17 адам;
- Октябрь-3 айылы боюнча өкүлдөрүнүн саны 17 адам;
- Сафаровка, айылдары боюнча өкүлдөрүнүн саны 10 адам;
- Кедей-Арык айылы боюнча өкүлдөрүнүн саны 7 адам.
- Ленин айылы боюнча өкүлдөрүнүн саны 15 адам.
- Орто-Сай айылы боюнча өкүлдөрүнүн саны 9 адам.

- Жыгач-Коргон айылы боюнча өкүлдөрүнүн саны 16 адам.

3. Ар бир аймактын бөлүктөрүндө жергиликтүү коомдоштуктардын жыйынына өкүлдөрдү шайлоо боюнча жарандык жыйындарды өткөрүү графиги төмөндөгүдөй бекитилсин:

| № | Айылдын аталышы | Элдик жыйындын өткөрүлгөн жери | Элдик жыйындын датасы, убактысы |
|---|---|---|---|
| 1 | Октябрь-1 | И.Мичурин мектеби, жыйындар залы | 17.10.2025-ж. саат 12-00 |
| 2 | Октябрь-2 | “Көк-Кыя Будун” мечити | 17.10.2025-ж. саат 14-00 |
| 3 | Октябрь-3 | Р.Исманалиев мектеби, жыйындар залы | 20.10.2025-ж. саат 14-00 |
| 4 | Багыш | Т.Арзыкулова мектеби, жыйындар залы | 20.10.2025-ж. саат 14-00 |
| 5 | Сафаровка | Ж.Бөкөнбаев мектеби, жыйындар залы | 21.10.2025-ж. саат 14-00 |
| 6 | Кедей-Арык | Т.Тайгараев мектеби, жыйындар залы | 17.10.2025-ж. саат 14-00 |
| 7 | Кызыл-Туу | Т.Арзыкулова мектеби, жыйындар залы | 20.10.2025-ж. саат 14-00 |
| 8 | Ленин | Маданият үйү | 22.10.2025-ж. саат 14-00 |
| 9 | Орто-Сай | Жеенбеков мектеби, жыйындар залы | 22.10.205-ж. саат 14-00 |
| 10 | Жыгач-Коргон | Тажибаев мектеби, жыйындар залы | 21.10.2025-ж. саат 12-00 |
| 11 | Беш-Бала | Мечит, жыйындар залы | 22.10.2025-ж. саат 15-00 |
| 12 | Сары-Булак | Ж.Бөкөнбаев мектеби, жыйындар залы | 21.10.2025-ж. саат 15-00 |

4. Жергиликтүү коомдоштуктардын жыйынына өкүлдөрдү шайлоо боюнча аймактын бөлүгүндө жарандык жыйындарды өткөрүү үчүн жооптуу болуп 12 айылдан шайланган депутаттарга №1 тиркемеге ылайык милдеттендирилсин.

5. Жергиликтүү коомдоштуктардын жыйынын өткөрүүнү даярдоо жана уюштуруу боюнча жумушчу топтун курамынын саны 7 (Жети) адам деп бекитилсин жана төмөндөгүдөй курамда түзүлсүн:

- Кулмамбетов К.М. - Багыш айылдык кеңешинин төрагасы, жумушчу топтун төрагасы;

- Акумбаева М.Р. - Багыш айылдык кеңешинин жооптуу катчысы, жумушчу топтун катчысы;

Жумушчу топтун мүчөлөрү:

- Алимбекова Ы. - Багыш айыл өкмөтүнүн башкы адис;
- Койчубек к Г. - Багыш айылдык кенешинин адиси;
- Исмаилов Ж. - Багыш айыл өкмөтүнүн аксакалдар кеңешинин төрагасы.
- Маматканова Ж. -Багыш айылдык кеңешинин депутаты.
- Джолдошева Г. -Багыш айылдык кеңешинин депутаты.

6. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагын өзүмө калтырамын.

7. Токтом Багыш айыл өкмөтүнүн расмий сайтында жарыяланып жана юстиция органдарынан каттоодон өткөрүлгөндөн тартып өз күчүнө кирет.

Төрага К.М.Кулмамбетов